***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-октябрь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2023**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2023-жылдын январь-октябрь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2023-жылдын 14-ноябры.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## М А З М У Н У

| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш…………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...…………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….………………………………………………** | 12 |
| | Финансы………………………………………………………… | 12 |
| **V** | **Тышкы сектор………………………………………………….........** | 12 |
| | Экспорт........................................................................................... | 12 |
| | Импорт............................................................................................ | 12 |
| **VI** | **Социалдык сектор………………………………………………….....** | 13 |
| | Калктын оорулары.......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме…………………………………………………………………** | 14 |

# I. ОБЛУСТУН 2023- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ОКТЯБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2023-жылдын январь-октябрь айларында 4468813,8 сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,2 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2023-жылдын январь-июль айларында 24445,4 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 97,4 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 3233114,5 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 167,5 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-октябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 97254,0 чарчы метр болгон 843 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-октябрь айларынын денгээлине салыштырмалуу 178,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 1664309,1 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 1054,5 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 102,5 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 150244,3 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 102,5 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-октябрь айларында 22119673,6 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-октябрь айынын денгээлинен 8,2 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2023-жылдын январь-октябрь айларында 18899669,3 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2022-жылдын январь-октябрь айларынын деңгээлинен 2,1 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-октябрь айларында 3220004,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,3 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-октябрь айларын 2022-жылдын январь-октябрь айларына салыштырганда 112,0 пайызды, ал эми ушул жылдын октябрь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 107,6 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 25785,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,8 пайызга, 2023-жылдын январь-сентябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26124,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 32,1 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-октябрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, бактериалуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, вирустуу гепатит А түрү, жаныбарлардын тиштеп алуусу, бруцеллез, сифилис жана респиративдүү оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми эпидемиялык паротит, эхинококкоз, аскаридоз, гонорея, котур, кургак учук ооруулaрынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2023ж. январь-октябрь айларында | 2023ж. октябрь айы 2022ж. октябрь айына карата пайыз менен | 2023-жылдын январь-октябрь айлары 2022-жылдын январь-октябрь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 4468813,8 | 116,0 | 122,2 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 24445,4 | 99,0 | 97,4 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 3233114,5 | 371,3 | 167,5 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 97254,0 | 248,3 | 178,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 1054,5 | 101,1 | 102,5 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 150244,3 | 104,8 | 102,5 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 22119673,6 | 115,5 | 108,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 18899669,3 | 115,0 | 102,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 3220004,3 | 118,6 | 104,3 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 26124,3 [1)] | 105,8[2)] | 132,1[3)] |

[1)] 2023ж. январь-сентябрь
[2)] 2023ж. сентябрь
[3)] 2023ж. январь-сентябрь

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2023-жылдын январь-октябрь айларында 4468813,8 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,2 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1817600,2 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 40,7 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 1751674,8 миң сомду же 39,2 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 786022,5 миң сомду же 17,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 113516,3 миң сомду же 2,5 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-октябрь айларында 1751674,8 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 123,0 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 791640,6 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 125,0 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Лейлек району 12146,0 тоннага, Сүлүктү шаары 20377,6 тоннага, Кадамжай району 128687,3 тоннага көп казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1817600,2 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 120,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 717162,6 миң сомду (көлөмдүн 39,5 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 330738,5 миң сомду (көлөмдүн 18,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 27152,3 миң сомду (көлөмдүн 1,5 пайызын), химия өндүрүшү 231,0 миң сомду (көлөмдүн 0,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 421697,8 миң сомду (көлөмдүн 23,2 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 196050,8 миң сомду (10,8 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 124567,2 миң сомду (6,9 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 107,6 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 12,5 пайызга, жаны бышкан нан 3,4 пайызга, тазартылган күрүч 0,9 пайызга, кондитердик азыктар 17,6 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 32,2 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 21,9 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 2,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 6,0 эсеге, эт азыктары 35,9 пайызга, балмуздак 7,1 пайызга, иштетилген сүт азыктары 12,8 пайызга, таш көмүр өндүрүү 25,0 пайызга, бышырылбаган кермика кирпичи 4,1 эсеге көп өндүрүлгөн.

*2023-жылдын январь-октябрь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 330738,5 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-октябрь айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 160,0 түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-октябрь айларында 196050,8 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 112,0 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-октябрь* айларында 786022,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 132,2 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 113516,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 128,8 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2023-жылдын январь-октябрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 24445,4 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 97,4 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 22547,2 тонна эт, 84802,5 тонна сүт, 17565,7 миң даана жумуртка, 601,5 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 4,6, сүт өндүрүү 5,6, жумуртка өндүрүү 9,7, жүн өндүрүү 10,9 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Баткен шаарында 3,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,5, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга өсүү болду. Ал эми Баткен районунда 11,7, Лейлек районунда 6,6 пайызга азайган. Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 0,1, Баткен шаарында 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,4 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 17,2, Лейлек районунда 6,5, Сүлүктү шаарында 2,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Кадамжай району 0,8, Баткен шаары 0,9, Сүлүктү шаары 0,3 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району 37,3 Лейлек району 13,0 пайызга аз өндүргөн. Кызыл-Кыя шаары өткөн жылдын деңгээлинде калган . Жүн өндүрүү Баткен шаарында 10,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 17,0, Кадамжай районуда 1,6, Лейлек районуда 18,5, Кызыл-Кыя шаарында 5,3, Сүлүктү шаарында 19,8 пайызга төмөндөгөн.

Облус боюнча 2023-жылдын 1-ноябрына карата 99480,1 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 87,8 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кадамжай районунда 0,9 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 14,9, Лейлек районунда 26,5, Баткен шаарында 0,2, Кызыл-Кыя шаарында 1,8, пайызга төмөндөгөн. Анын ичинен буудай 25736,1 тонна же 80,3 пайызды, арпа 12181,4, тонна же 65,5 пайызды түзгөн. Картошка 36913,5 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 101,2 пайызды, жашылча 60941,6 тонна же 97,4 пайызды, мөмө-жемиш 58990,4 тонна же 107,7 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Лейлек районунда 5,8, Баткен районунда 6,0, Кадамжай районунда 1,0, Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 34,8, Кызыл-Кыя шаарында 7,3 пайызга төмөндөгөн. Жашылча жыйноо Баткен районунда 1,5, Баткен шаарында 4,7, Сүлүктү шаарында 1,3 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 1,9, Лейлек районунда 4,4, Кызыл-Кыя шаарында 5,7 пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш

өндүрүү Баткен районунда 20,2, Лейлек районунда 7,6, Кадамжай районунда 0,8, Кызыл-Кыя шаарында 31,2, Баткен шаарында 4,0, Сүлүктү шаарында 0,5 пайызга өскөн.

**Капиталдык салым.** 2023-жылдын январь-октябрь айларында 3233114,5 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2022-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 67,5 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 21,5 пайызга, Кадамжай районунда 2,1эсеге, Лейлек районунда 2,4 эсеге, Баткен шаарында 5,1 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 4,0 пайызга, Сүлүктү шаарында 35,9 пайызга өскөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 90,4 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2023-жылдын январь-октябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 97254,0 чарчы метр болгон 843 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 178,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 1664309,3 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2023-жылдын январь-октябрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 1054,5 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 102,5 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-октябрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 7071,7 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 150244,3 миң жүргүнчү-км түздү (2022-жылдын январь–октябрь айларына салыштырмалуу 102,5 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2023-жылдын январь-октябрь айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

**Тейлөө рыногу.** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-октябрь айларында 22119673,6 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 8,2 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 21327363,3 миң сом болуп 10,1 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 17682816,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,1 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 9516610,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,5 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,8 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-октябрь айларында 33350,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,0 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-октябрь айларында 7295945,8 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 20,7 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-октябрь айларында 18899669,3 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,1 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 3220004,3 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 4,3 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-ноябрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 18462 адамды түздү, анын ичинен 14380 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен жумушсуздук боюнча пособия алгандар жок, октябрь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 82 адам, коомдук жумуштарга тартылгандар 126 адамды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 25785,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,8 пайызга өскөн, 2023-жылдын январь-сентябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26124,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 32,1 пайызга өскөн.

Эмгек акы сентябрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу айыл чарба жана токой чарбасы, балыкчылык тармагында, тоокен казуу, өнөр жай, кайра иштетүү, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, маданий көңүл ачуу, дем алуу, транспорт ишмердиги, жана жүктөрдү сактоо тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми билим берүү тармагында 0,6 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын август айында 290,7 долларды түздү.

2023-жылдын 1-октябрына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 2875,0 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 4,4 пайызга төмөндөгөн, Эмгек акыны төлөө боюнча карыз Кызыл-Кыя шаарына тиешелүү.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 112,7 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 105,6 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 124,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2023-жылдын октябрь айында өткөн жылдын октябрь айына салыштырмалуу 107,3 пайызды түздү. Ал эми 2023 жылдын январь-октябрь айлары өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 110,4 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-октябрь айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 112,0 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын октябрь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 107,6 пайызды түздү.

Ушул жылдын октябрь айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорттогу ун 1,8 пайызга, 1-сорт ун 0,4 пайызга, нан азыктары 0,3 пайызга, жумуртка 2,4 пайызга, күн карама майы 0,6 пайызга кымбаттаган. Койдун эти, уйдун эти, макарон азыктары жана сүт өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,1 | 107,9 | 100,9 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 98,9 |
| март | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 105,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 102,9 |
| апрель | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 95,0 | 94,9 |
| май | 98,3 | 97,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,7 | 100,6 | 97,7 | 96,8 |
| июнь | 99,0 | 98,0 | 100,0 | 99,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,3 | 101,7 |
| июль | 100,0 | 99,0 | 100,0 | 99,5 | 105,1 | 100,0 | 100,0 | 103,1 | 101,0 |
| август | 99,0 | 97,7 | 106,4 | 97,8 | 100,8 | 100,0 | 100,0 | 92,5 | 99,2 |
| сентябрь | 100,7 | 99,6 | 104,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 104,9 | 97,1 |
| октябрь | 101,8 | 100,4 | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 102,4 | 100,6 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 3,5 пайызга, картошка 16,7 пайызга, сабиз 7,9 пайызга, алма 2,8 пайызга төмөндөгөн. Кургатылган өрүк, грек жаңгагы өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(өткөн айга карата пайыз менен)

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 134,8 | 108,3 | 102,7 | 100,0 | 95,2 | 100,0 |
| февраль | 127,7 | 111,1 | 102,2 | 96,7 | 104,7 | 100,0 |
| март | 85,5 | 100,0 | 100,0 | 64,7 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 112,2 | 101,3 | 100,8 | 85,9 | 100,0 | 96,8 |
| май | 100,1 | 115,4 | 117,0 | 155,9 | 98,3 | 100,0 |
| июнь | 80,7 | 106,5 | 104,3 | 129,7 | 89,0 | 100,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| июль | 87,4 | 98,8 | 95,3 | 60,5 | 73,9 | 100,0 |
| август | 94,8 | 95,3 | 87,9 | 84,5 | 70,1 | 96,8 |
| сентябрь | 100,0 | 100,6 | 122,3 | 92,2 | 114,3 | 100,0 |
| октябрь | 96,5 | 83,3 | 92,1 | 97,2 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын октябрь айында өткөн сентябрь айына салыштырмалуу кийимдер 0,5 пайызга, бут кийимдер 0,7 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,2 пайызга, катту отун 18,8 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 2,8 пайызга, бензин 2,4 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 2,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника, фармацевтикалык продукциялар, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2023ж. октябры 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-октябрь 2022ж. январь-октябрына карата | 2023ж. октябры 2023ж. сентябрына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 105,0 | 110,9 | 100,5 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,5 | 111,1 | 100,0 |
| Бут кийим | 104,5 | 109,4 | 100,7 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 107,5 | 112,3 | 101,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 104,8 | 100,0 |
| Катуу отун | 146,7 | 134,5 | 118,8 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 104,3 | 97,2 | 102,8 |
| Бензин | 106,8 | 96,2 | 102,4 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 110,5 | 119,4 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 97,0 | 105,9 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 105,6 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 111,6 | 113,4 | 102,6 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын октябрь айында байланыш тейлөөсү 2,1 пайызга, билим берүү тейлөөсү 3,0 пайызга өскөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2023ж. октябры 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-октябры 2022ж. январь-октябрына карата | 2023ж. октябры 2023ж. сентябрына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 103,1 | 106,1 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 107,1 | 103,2 | 102,1 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,3 | 109,6 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 116,6 | 104,7 | 103,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 107,3 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 110,0 | 116,5 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 137,5 | 119,6 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-сентябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1364,8 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 120,5 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1851,7 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 8,3 пайызга, ал эми чыгашалар 52,1 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-сентябрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-сентябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 797,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 19,1 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 18,5 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 26,3 пайызга, патенттин негизиндеги салык 12,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 17,4 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 13,7 пайызга, жер салыгы 21,8 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 64,1 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-сентябрь айларында жалпы кирешенин 13,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-сентябрь айларында 14,6 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 57,9 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 26,9 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 17,0 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-сентябрь айларында 761,6 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 44,8 пайызга өскөн. Чыгашалардын 70,7 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 6,8 пайызы эс алуу, маданият жана дин, билим берүү жана социалдык коргоо тармагына жана 21,8 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

## ТЫШКЫ СЕКТОР

Баткен облусу 2023-жылдын январь-сентябрь айларында дүйнөнүн 27 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 7 КМШ өлкөлөрү, 22 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2023-жылдын январь-сентябрь айларында 70513,2 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийштүү мезгилине салыштырмалуу 8,1 пайызга өскөн. Соода балансасынын сальдосу оң болуп 14394,1 миң АКШ долларына барабар болду.

**Экспорт.** 2023-жылдын январь-сентябрь айларында экспорттун көлөмү 48243,6 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 20,2 пайызга өскөн. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Европа мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 84,0 жана 14,7 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн 77,3 пайызы), Россия (6,6 пайызы), жана Түркменстан (0,1 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Европа мамлекеттерине (14,7 пайызы) жана Азия мамлекеттерине (1,1 пайызы) экспорттолду. Европа мамлекеттеринен Румыния өлкөсүнө (10,9 пайызы) ) экспорт жүргүзүлгөн.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 3162,2 миң АКШ долларын түздү. Экспорттолгон товарлар Россия мамлекетине жүргүзүлгөн.

**Импорт.** 2023-жылдын январь-сентябрь айларында импорттун көлөмү 22269,6 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 11,2 пайызга азайган. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 77,8 пайызга, Азия мамлекеттеринен 21,1 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 0,5 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 94,7 пайызын), КМШдан тышкары Иран (жалпы импорттун 1,6 пайызын) жана Кытай (жалпы импорттун 15,2 пайызын) мамлекеттеринен келген товарлар түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 692,2 миң АКШ долларын түздү. ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттолгон товарлардын 79,1 пайызы Россия мамлекетинен алынып келинген.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-октябрь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 55 оорулуу катталды. Ал эми бактериалуу минингит оорусу менен 6 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу алты эсеге, ичегинин өткүр инфекциясы менен 3451 оорулуу катталып 10,1 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 1096 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу төрт эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 1070 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,1 эсеге өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 24 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,0 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан оорогандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 652 учур, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга, бруцеллез ооруусу менен 65 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 35,4 пайызга өскөн. Ал эми, аскаридоз менен 809 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 21,2 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 14 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 44,0 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 12 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу төрт эсеге өскөн. Ал эми котур оорусу менен 45 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 57,9 пайызга, гонорея ооруусу менен оорогандар 6 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,3 пайызга төмөндөгөн. ВИЧ инфекциясы менен 23 оорулуу катталды. Педикулез ооруусу менен оорогандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 15629 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17,1 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 200 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,5 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-сентябрь айларында облус боюнча 955 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,1 пайызга же 157 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 7, ээнбаштык 65, уурулук 257, алдамчылык 201, бангизаттарга байланыштуу 27, кызматтык кылмыштар 35, экономика тармагында 38 кылмыш, 19 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-сентябрь айларында 845 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 36 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 128, иштегендер 6, ишкерлер 1, мектеп окуучулары 47, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 15, эч жерде иштебеген жана окубагандар 572 түзөт. Кызматкерлер катталган жок.

***Облстатистика* башкармалыгынын *жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү…………........................……….............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..............................................……….............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ………………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча негизги айыл чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү ................................. | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………….……….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча………………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.................................................................................... | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү…………………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………........ | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………………… | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............. | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда....... | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары жыл башынан бери...................................................................................................................................................... | 29 |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу………………………………………………………………………….. | 30 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны........................................................................................... | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 31 |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………........ | 32 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| | Тышкы сектор | |
| 31 | Товарлардын тышкы соода көлөмү.................................................................................................................. | 33 |
| 32 | Континенттер жана өлкөлөр боюнча экспорттун жана импорттун бөлүнүшү............................................. | 33 |
| | Социалдык сектор | |
| 33 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 34 |
| 34 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 34 |
| 35 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………. | 35 |
| 36 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 35 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь- октябрь айларында**

( миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **3672026,7** | **4468813,8** | **122,2** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **1439799,9** | **1751674,8** | **123,0** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 1013553,6 | 1376446,8 | 125,0 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 408881,6 | 286754,4 | 101,0 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | - | 71586,1 | 1473,2 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 17364,7 | 16887,5 | 177,2 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **1465611,0** | **1817600,2** | **120,8** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 659638,7 | 717162,6 | 107,6 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 577609,0 | 655595,0 | 110,8 |
| -тамеки өндүрүү | 1300,9 | 640,0 | 49,1 |
| -сусуундукта өндүрүү | 80728,8 | 60927,6 | 85,8 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 216139,2 | 330738,5 | 160,0 |
| -текстил өндүрүшү | 166061,6 | 271656,7 | 75,2 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 49662,7 | 58675,8 | 5,5эсе |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 414,9 | 406,0 | 97,7 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 28804,2 | 27152,3 | 108,3 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 28076,4 | 26418,3 | 108,3 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 727,8 | 734,0 | 98,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 96,0 | 231,0 | 115,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык | 237258,7 | 288942,1 | 123,2 |
| продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 343706,9 | 421697,8 | 120,4 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 102192,5 | 196050,8 | 112,0 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 115033,5 | 124567,2 | 132,2 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **632957,9** | **786022,5** | **132,2** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **133657,9** | **113516,3** | **128,8** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-октябрь**

(миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **3672026,7** | **4468813,8** | **108,4** | **122,2** |
| Электр энергиясыз | 3039068,8 | 3682791,3 | 106,1 | 121,9 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 208529,5 | 189565,5 | 146,8 | 103,2 |
| Кадамжай | 1082801,1 | 1475362,7 | 93,2 | 122,1 |
| Лейлек | 622192,4 | 551819,2 | 109,1 | 108,9 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 750267,0 | 921519,1 | 187,5 | 122,3 |
| Электр энергиясыз | 117309,1 | 135496,6 | 108,4 | 105,3 |
| Кызыл-Кыя | 519002,3 | 633333,4 | 113,7 | 182,5 |
| Сүлүктү | 489234,4 | 697213,9 | 95,9 | 108,7 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2022 | 2023 | 2023ж. январь-октябрь айлары 2022ж. январь-октябрь айларына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-октябрь | | |
| Таш көмүр | тонна | 633367,1 | 791640,6 | 125,0 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 12124,2 | 11939,4 | 98,5 |
| Бут кийим | жуп | 1039 | 1015 | 97,7 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 784,6 | 1066,1 | 135,9 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 500,0 | 2060,9 | 4,1 эсе |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 3778,1 | 3852,1 | 102,0 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 98,7 | 91,1 | 92,3 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 7904,3 | 8176,8 | 103,4 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 91975,8 | 103517,5 | 112,5 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | 14,7 эсе |
| Сымап | % | - | - | - |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 5019,7 | 6118,1 | 121,9 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 915,2 | 923,4 | 100,9 |
| Кондитер азыктары | тонна | 446,1 | 524,5 | 117,6 |
| Килемдер | даана | 375 | 292 | 77,9 |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | 1,0 | - | - |
| Иштетилген сүт | миң литр | 31,3 | 35,3 | 112,8 |
| Балмуздак | тонна | 91,7 | 98,2 | 107,1 |
